DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Темиралиева Т.Т.*

## XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОСУНДА - XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА АГАРТУУНУН ЖҮРҮШҮ
**(Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)**

*Темиралиева Т.Т.*

## ХОД ПРОСВЕЩЕНИЯ В СЕРЕДИНЕ XIX – В НАЧАЛЕ XX ВЕКОВ
**(на примере южного региона Кыргызстана)**

*T. Temiralieva*

## THE COURSE OF ENLIGHTENMENT IN THE MIDDLE OF THE XIX – EARLY XX CENTURIES
**(on the example of the southern region of Kyrgyzstan)**

*УДК: 371.261*

*Педагогикалык кызматкерлердин билим, тарбия берүүдөгү иши толук кандуу совет доорунда калыптанды. Жалпы билим берүүнүн бүгүнкү системасы Кыргызстандагы билим берүү, агартуу системасынын тарыхый өнүгүүсүнүн соңку натыйжасы болуп эсептелет. А бирок ар бир иштин башталышы же болбосо түпкү уюткусу бар болгондой эле, азыркы мугалимдердин чоң армиясынын пайда болушунун биздин логикалык ойлообузда бери дегенде эле жүз жылдан ашуун түптөлүү, калыптануу тарыхы бар. Ага кайрылбастан туруп алдыдагы билим берүүнү жакшыртуу тууралуу сөз кылуунун өзү жетишсиз. Бул макалада Кыргызстандын түштүк аймагындагы алгачкы агартуу иштеринин жүрүшү тууралуу баяндалат. Бул тууралуу совет доорундагы жана көз карандысыздыктын мезгилдеринде жүргүзүлгөн, изилденген иштерге тарыхый-педагогикалык саресеп салуу менен ал мезгилдин өзгөчөлүктөрү белгиленет. Азыркы билим берүү системасынын түптөлүшүнө тийгизген таасири каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *молдо, мударис, билим, медресе, мечит, агартуу, аймак, илим, мусулман, окутуу, тарбиялоо.*

*Работа педагогических кадров в сфере воспитания и обучения получила полное развитие в советское время. Сегодняшняя система общего образования – это конечный результат исторического развития системы образования Кыргызстана. Так же, как и всякий результат имеет начало или первопричину, так и появление многочисленной армии современных учителей по логике имеет как минимум более чем столетнюю историю становления и формирования. Недостаточно говорить о будущем совершенствовании образования, не упоминая о нем. В данной статье описывается прогресс раннего образования в южном регионе Кыргызстана. Анализируя историко-педагогические исследования советского времени и период независимости, отмечается особенность того периода. Рассматривается влияние на фундамент сегодняшней системы образования.*

***Ключевые слова:*** *молдо, мударис, образование, медресе, мечеть, просвещение, территория, наука, мусульман, учить, воспитывать.*

*The work of teaching staff in the field of education and training was fully developed in the Soviet era. Today's system of general education is the end result of the historical development of the education system in Kyrgyzstan. Just as every result has a beginning or root cause, so the appearance of a large army of modern teachers, logically, has at least more than a century of history of formation and formation. It is not enough to talk about the future improvement of education without mentioning it. This article describes the progress of early education in the southern region of Kyrgyzstan. The influence on the foundation of the current education system is considered.*

***Key words****: moldo, mudaris, education, madrasah, mosque, enlightenment, territory, science, muslims, teach, educate.*

Агартуунун абалы, алгачкы мугалимдер тууралуу сөз кылганда адегенде: “Аймакта окутуучу, окуучу, мектеп деген түшүнүктөр болгонбу, болсо бүгүнкү билим менен илимдин уюткусу боло алганбы?” деген суроолор жаралат. Ага байланыштуу аймакта алгачкы ирет агартуунун жүрүшүнүн жалпы процессин тары-хый-педагогикалык аспектиден кароо зарылдыгы пайда болот. Илимде педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы боюнча булактарды тарых илиминин тажрыйбаларына таянып классификациялоо тажрыйбалары бар экендиги белгилүү. Педагогиканын тарыхында башка илимдерден айырмаланып, анын изилдөө предметинин кубулуштарына тикедентике байкоо жүргүзүү чектелсе да тарыхый-педагогикалык фактылардын изи жоголбойт. Ага байланыштуу биз карап жаткан өз доорунун билимдүү саналган азыркы сөз менен айтканда педагог инсандардын ишмердүүлүктөрү, ал мезгилдин билим берүүсүнүн абалы, өзгөчөлүктөрү боюнча булактарды тактоодо ошол эле илимий тажрыйбаларга таянганыбыз туура.

Эгемендүүлүктүн шарапаты менен учурда билим берүү тармагындагы изилдөөлөрдө тарыхый-педагогикалык көз караштар ар түрдүү жана жаңыча болуп жаткандыктан билим берүү процесси да башкача нукта, тагыраагы белгилүү бир идеологиядан көз карандысыз жүрүүдө. Андыктан педагогика илиминде эгемендүүлүктүн акыркы отуз жылы ичинде жалпы агартуу иштеринин совет дооруна чейинки мезгилине кайрылган илимий изилдөө иштери активдүү жүргүзүлүүдө. Тагыраагы эми тарыхый-педагогикалык жактан изилдөөдө ислам дини боюнча билим алуунун оң жактары, араб тили жана жазуусун үйрөнүүнүн натыйжалары агартуу иштеринин башталышы катары талданып жатат. Улуу Октярь революциясына чейин Кыргызстан калкы туташ сабаттуу болгон эмес деген бир жактуу түшүнүктүн туура эместиги тууралуу изилдөөлөр көптөгөн фактыларды келтирүү менен ачыкталууда.

Кеңеш доорунун мезгилинде Кыргызстандын

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



аймагында XIX-XX кылымдардагы маданият жана билим берүүнүн өнүгүшүн тарых илиминин аспектисинен изилдөөдө Д.О. Айтмамбетовдун “Дореволюционные школы в Киргизии”, "Культура кыргызского народа во второй половине XIX – в начале XX вв.” аттуу эмгектери бар. Автор архивдик материалдардын негизинде мектептердин тарыхына байланыштуу көптөгөн фактыларды алгачкы ирет илимий айлампага алып чыккан. Жалпы эле Кыргызстанда билим берүүнүн тарыхы боюнча эмгектерди жаратууда А.Э. Измайловдун эмгеги чоң. Анын “Кыргызстандагы советтик мектептердин тарыхы (1917-1957)” аттуу эмгеги билим берүүнүн алгачкы процесстерин терең чагылдырган. Ал эми М.Р. Рахимова “Кыргыз Республикасында мектепке чейинки тарбия берүү системасын өнүктүрүү 1917-1992-жылда” аттуу монографиялык изилдөөсүндө Орто Азия республикаларынын ичинен биринчи жолу мектепке чейинки таалим-тарбия мекемелеринин пайда болушу жана калыптанышын изилдөөгө алган.

Ал эми окумуштуу А.К. Карыева кыргыз агартуусунун башатында ислам дининин маанилүү орду болгондугу тууралуу бир топ фактыларга таянуу менен билдирет. Тагыраагы жадидчилик кыймылынын негиздөөчүсү И.Гаспринский Европада илим жана агартуу иштери жаңыдан өнүгүп турган чакта Түркстанда илимдин өз алдынча өнүккөндүгүн белгилеген. Орто Азиядагы түрк элдеринин агартуучуларынын идеологиялык көз караштары түбүндө ислам дининин алкагында калыптанган. IX-X кылымдардын аягында пайда болгон мечиттер XI-XII кылымдарда кеңири тарай баштап, кыргыз агартуусунун жаралышында жана калыптанышында ролу чоң болгондугун изилдөөчүлөр белгилешүүдө деп жазат [1, 30-31-бб.].

Окумуштуу Кыяз Молдокасымов болсо «медресе» түпкүлүгү араб тилиндеги «мадараса» деген сөздөн келип чыгып, бизче которгондо «үйрөнүү», «бир нерсени билип алуу», «окуп билүү» деген түшүнүктү туюндуруп, VIII-IX кылымда мечит-медреселердин дүйнөлүк билим берүү тармагына активдүү аралашкандыгын көрүүгө болот деп билдирет. Жети-Суу областына салыштырмалуу алганда, Фергана областындагы агартуу ишинин бир кыйла активдүүлүгү Түштүк Кыргызстандын аймагына өзүнүн оң таасирин тийгизип, чөлкөмдө мусулман медреселери менен мектептери (мектеб) түндүк аймакка караганда эртерээк ачылган. Бул тууралуу М. Михайлов Кокон хандыгынын агартуу жагынан өнүккөн шаарларынын бири деп Наманганды атап, XIX кылымдын 60-жылдарында ал жерде Мавлави кербен сарайы болуп, анын алдындагы мечит, медресе вакуп каражаттарынын эсебинен иштеп жатканын белгилеген [2]. Чындыгында окумуштуунун бул пикирине окшош пикирлер акыркы убактагы изилдөөлөрдө көп кездешет. Түштүк аймакта медресе-мечиттердин көп болушу аймактын Кокон хандыгы менен жакын аралыкта жайгашкандыгы, тыгыз байланышта болгондугу менен да түшүндүрүлөт. Ошондой эле араб арибинде жазып билимдүү делген Нурмолдо сыяктуу мударистердин түштүк аймактан чыгып кайра эле ошол аймакта билимдерин тараткандары өбөлгө болгон деп ишенимдүү айтууга болот.

Тарыхый жана элдик санжыра маалыматтарга караганда да алгачкы медресе XVII кылымда дал ушул Наманганда Кыргызбай аттуу кыргыз улутундагы адам тарабынан курулгандыгы айтылат. Кыргызбай чоң молдо болгондуктан медресесинин аты кийинчерээк Молдо Кыргыз медресеси аталып кетет. Молдо Кыргыз медресеси үч кылым бою иштеп, кыргыздын бир нече муундарын окутуп, араб тилин мыкты билип жаза алган сабаттуу инсан кылып чыгарган. Нурмолдонун ырларындагы маалыматтарга караганда Молдо Кыргыз медресесин бүткөн кыргыздар Алымбек датканын медресесине келип мударис болушкан. Медресе өзүнүн курулган күнүнөн тарта тынымсыз аракетте болуп, билим берүү жагынан салыштырмалуу чоң тажрыйба топтогон. Жыйынтыгында Фергана өрөөнүндөгү өзүнчө авторитеттүү окуу жайга айланууга жетишкен [3, 7-б.]. Мына ушундан эле XIX кылымда жана XX кылымдын баш жактарында өзгөчө Кыргызстандын түштүк тарабында мусулманча билим алып, окуйм деп умтулган адамга Ош шаары менен жалпы эле Фергананын агартуусу бир топ мүмкүнчүлүктөрдү түзүп тургандыгын так эле билүүгө болот.

Бул тууралуу окумуштуу М. Султанова да архивдик маалыматтарга таянуу менен төмөндөгүчө белгилейт: “Айтылуу Алайлык Асан бийдин уулу Алымбек датка кийин дин исламдын жогорку дарстарын Бухара, Самаркандан алат. Алымбек 1860-жылы Ошко медресе курдурткан жана ал жерде 80-100дөн молдолор окуган. Алымбектин медресеси жылына 1600 сомдон киреше алып турган. Алымбек датканын уулдары атасы салдырган медреседен окуп, аны бүткөндөн кийин ушул медреседе мугалим же башчы болуп иштеген» [4]. Ошентип Алымбек датка салдырган медреседе тарбияланган билимдүү адамдар да Кыргызстандын түштүгүндө агартуу иштерине алгылыктуу салымдарын кошо алышкан.

Педагогика илимдеринин доктору Б. Зулуев XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү тууралуу доктордук диссертациясында медресе, мечиттер алардын кызматы тууралуу абдан кенен маалыматтарды берген. Окумуштуунун белгилөөсүндө медреселерде өз дооруна ылайык белгиленген тартипте адистерди даярдоо эрежелери болгон. Мисалы, мектеб башталгыч билим берүүчү окуу жайлары болсо, медреселер бул орто, айрым өлкөлөрдө жогорку билим берүүчү конфессионалдык мусулман

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



окуу жайы болгон жана молдолорду, уламаларды, казыларды, имамдарды, мударистерди даярдаган. Мындай жерлерде окуп билим алгандардын ичинен диний кызматкерлер гана эмес, философтор, акындар, жазуучулар, илимпоздор, дарыгерлер жана башка адистер чыккан. Кыргызстандын түштүгүндө ислам дини кеңири жайылып, мечиттер курулуп, алардын алдында мусулман мектептери да уюштурулган. Мектептерде Борбордук Азиядан билим алып келишкен (Бухара, Кокон, Хива) окутуучу- мударистер иштеген [5]. Медреселердин ишинин жүрүшүнө өз учурунда колунда бар, бай, оокаттуу адамдар кызыкдар болуп, жеке каражаттарын аябастан жумшап турушкан.

Ушундан улам, ошол доордо «агартуучу», «мударис» «мугалим» терминдердин ордуна белгилүү деңгээлде «молдо» деген сөз колдонулуп келген деп түшүнүүгө болот. Медреселерде окуган кыргыздын белгилүү ырчы-акындарынын сап башында Молдо Нияз, Нурмолдо, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Молдо Багыш жана башкалар турат. Алдаш Молдо өзүнүн устаты Шакир дамбылданын жолун жолдоп, мектебинде жалаң гана диний дарстарды окутпастан, фан дарстарынан да сабак берген. Эсепти төрт амалга чейин, географиянын үч бөлүгүн: жугрийа табигы (физикалык география), жугрийа ирьзи (экономгеография), жугрийа саяси (саясий география) деп өзү сабак берип турган. Ошентип Алдаш Молдо ошол мезгилдеги билим берүүдөгү прогрессивдүү тенденциялардан кабардар өзгөчө инсан болгон. Ал ошол мезгилде эле элге светтик билимдин зарылдыгын түшүнгөн жана билим эне тилинде болгондо гана кайтарымдуу болоорун боолгоп билген. Ошондуктан ырчы-акындардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн педагогикалык аспектен анализдөөдө жазгыч акындарды өзгөчө категория катары кароо да зарыл. А.Кыдыралиеванын пикириндеалар жөн жерден өз заманынын «молдо», «молдоке» деген кадырлуу, сыйлуу наамына татышкан эмес. Мындай жогорку даражадагы элдик наам өз заманында билимдүүлүгү менен калктын көзүн ачып, көөдөнүн агартууга кызмат кылып, орчундуу салым кошкон инсандарга карата айтылган [6].

Кийинчерээк тагыраагы 1900-жылдан баштап кыргыз жергесине «Жаңы метод» усули-жадид мектептери көбүнчө Казан, Уфа тараптан келген татар миссионерлери, агартуучулары, жергиликтүү татар, башкыр, өзбек демилгечилери тарабынан адегенде, Пржевальскиде, Токмокто, Пишпекте, Ош калаасында ачылып иштей баштаган. Ушул эле шаарлардагы мурдагы татар конфессиялык мектептеринин көбү жүрө, жүрө жаңы метод менен окутууга өтүшкөн.Ош шаарында Балтыходжа Султанов, Фазылбек Касымбековдор тарабынан мектептер ачылган. Кара-Сууда ачылган мектептеда балдар окуган. Куршабда (Өзгөн) Эраалы миңбашы Ташкенттен Гулам Зафари деген мугалимди алдырып мектеп ачкан. Өзгөндүн өзүндө 1907-жылы Факриддин, Рахим молдолордун демилгеси менен мектеп ачылган. Жалал-Абадда Мырзакул болуш жадид мектептери үчүн атайын имарат салдырып, Бухарадан мугалимдерди алдырып, окууга шыктуу балдар үчүн билим алууга ыңгайлуу шарттарды түзгөн. Намангандагы атактуу Молдо Кыргыз медресесинде Нурмолдо Наркул уулу бир топ жылдар эмгектенип, кийин Ала-Бука, Аксы аймактарында жаңы усулдагы мектеп-медреселерде дин окуусу менен катар эле «алхоризмий» деп аталган эсеп, «айнаме» деп аталган агрономия, айыл чарба мүнөзүндөгү сабактарды, чыгыш классиктеринин чыгармаларын, «Манас» айттырып окуткан. Бул маалыматтардан улам ал кездин мугалимдери-мударистери же агартуучуларынын өз билимдерин өркүндөтүүнүн үстүндө да иш жүргүзө алгандыгын, тажрыйбаларды алмашкандыгын белгилөөгө болот. Ошол эле Нурмолдонун көп мезгил Индиянын Кашмиринде билимин өркүндөтүп жүргөндүгү тууралуу маалыматтар да бар.

Орус администрациясынын айрым өкүлдөрү жергиликтүү интеллигенция тарабынан жадид усулундагы башталгыч мектептердин ачылышына оң баа беришкен. Маселен, Г.Андреевдин 1916-жылдын 16-ноябрында «Туркстанский ведомости» гезитинин 248-санында жарыяланган «Түркстанда университеттин ачылышы жөнүндө» деген макаласында жергиликтүү калк мусулман билимин жаңыртып, жаңы усулдагы мектептерди ачып жаткандыгы айтылат. Анда буга чейин мусулмандар өз алдынча жаңы усул мектеби түзүлгөнү, анын программалык негиздери жана максаттары боюнча орус мектебинен алда канча жогору турганы белгиленген [7].

1917-жылы Скобелев шаарында (азыркы Фергана) басылган «Статистический обзор Ферганской области за 1914 год» аттуу документте Ош уездинде 229 мектеп бар экендиги жазылган. Падышалык өкмөт учурунда билим берүүгө абдан аз өлчөмдө акча каражатын бөлгөн. Мисалы, 1915-жылы Түркстан крайына бөлүнгөн 25 миллион рублдын 575 миңи же болбосо 2,3 пайызы гана агартууга бөлүнгөн. Бүтүндөй Ош уезди боюнча агартуу ишине болсо 920 рубль жумшалган [8, 10-11-бб.].

Анткен менен медресе-мечиттер Орус империясынын колониялык башкаруусунун мезгилинде толук эле иштеп турган. Падышалык администрация вакф мүлкүн жарым-жартылай көзөмөлдөп, мектеп жана медреселердин окуу иштерине тыкыр кийлигишкен эмес. Кеңеш доорундагы архив булактарында жана орус тилдүү адабияттарда медреселердеги окуу программасы айыпталган. Себеби учурунда бардык чиновниктер, саякатчылар жана аймакка текшерүү менен баргандардын бардыгы негизсиз айыптоо менен чектелген. Бирок, медреселердин окуу программасы Н.П. Остроумов белгилегендей, өтө эле жөнөкөй жана мазмуну таптакыр жок эмес болчу. Ал кыйла татаал

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



жана оригиналдуу болгон жана жергиликтүү калктын руханий муктаждыктарын канааттандырган. Азыркы сөз менен атаганда студенттердин медреселерде ондогон жылдардан бери окуп келе жатканынан эле, окуу программасынын татаалдыгын болжолдоого болот.

Элдик комиссариаттын 1918-жылдын 14-декабрындагы буйругу менен Түркстан Республикасынын аймагындагы бардык конфессионалдык жана орус улутундагы мектептер жоюлууга тийиш болгон. Агартууга карата совет бийлигинин ушундай буйрук, көрсөтмөлөрү менен акырындап азыркы тартиптеги мектептер уюшула баштаган. Алардын алгачкы ишин жүзөгө ашырууда ошол эле усули-жадид мектептеринде иштеген мударистердин эмгегинен пайдалануу болгон.

Жогоруда келтирилген тарыхый маалыматтарды ретроспективдүү талдоого алуубуздун жыйынтыгы өлкөнүн түштүгүндө XIX кылымдын аягындаXX кылымдардын башында аймакта билим алуунун жана билим берүүнүн жүрүшү максаттуу жолдор менен жүзөгө ашкандыгын көрсөтөт. Ал эми билимди жогорулатуу өз алдынча жекече, зарылдыкка жараша жүзөгө ашырылгандыгын аныктоого болот. Дал ушул араб арипи менен кат таануунун, кийинчерээк орус-тузем мектептеринен билим алуунун натыйжалары Кыргызстанда азыркы агартуу тармагынын түптөлүшүнө уютку болуп калды.

**Адабияттар:**

1. Карыева А.К. Исторические предпосылки просветительства в Кыргызстане. (XIX- XX вв.). / Вестник науки и образовании. - 2(26) 2017. - 30-31-бб.
2. Молдокасымов К. Алымбек датка – Кокондун хандыгынын баш увазири [Алымбек датка жана анын доору Текст] / К. Молдокасымов. - Бишкек, 2016.
3. Байгазиев С. Ала-Тоодогу агартуу тарыхынын «ак тактары» (Мугалимдер жана студенттер үчүн). - Бишкек, 2012. - 7-б.
4. Султанова М. 1850-1917-жылдагы Түштүк Кыргызстандын аймагындагы агартуу ишинин абалы. / Материалы международной конференции. - Бишкек: КМПУнун басмасы, 2002. - 164 б.
5. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүнүн мисалында) Зулуев Б.Б. доктордук диссертация. - Ош, 2018. - 310 б. - 26-30-бб.
6. Кыдыралиева А.Р. И. Бекбоевдин илимий жана педагогикалык уюштуруучулук ишмердүүлүгү. – Б, 2022. - 189 б.
7. Халилова З.Э. История реформирования мусульманского образования в имперском Туркестане: проблемы педагогики и подготовки национальных учебников. / Minbar. Islamik Studies. 2022. - 15(3):653-670. https://doi.org/10.31162/2618-9569-2022-15-3-653-670.
8. Шергазиев А.Ж. Кыргызстанда педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу системасынын өнүгүш тарыхы. –Бишкек. 2019. – 250 б. – 10-11-бб.
9. Темиралиева Т.Т Курсы повышения квалификации учителей начальных классов. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. №. 9. - С. 310-312.